УДК:3:392.71:1

Шакитов Ш.Ш.

*Ж.А.Алышбаев атындагы Ысык-Көл кооперация институту*

# ЭЛ ДОСТУГУНА ЖАҢЫЧА МАМИЛЕ КЕРЕК

*Бул макалада Кыргызстанда болуп өткөн саясий абалдар, анын ичинен жакынкы эл аралык мамилелер жөнүндө маалыматтар берилди.*

«Өткөндү тапанча менен атсаң, келечек сени замбирек менен атат» - Р.Гамзатовдун кереметтүү бул сөздөрү азыр да актуалдуу. СССР ыдырап, союздук республикалар эгемендүүлүккө жеткени дүйнөдөгү эң улуу, эң чоң мамлекеттин тарыхына диалектикалык эмес, орой, курулай тануу менен мамиле жасап жаткандыгыбыз чындыкты тебелеп-тепсөөгө барабар. Өткөндүн бардыгын бир беткей мактоо же сындоо калыстыкка жатпайт. СССРдин тушунда акысыз билим берүү, илим изилдөө, медициналык тейлөө, маданиятты өнүктүрүү баалуулуктарын; экономика, негизинен, элдердин жыргалчылыгы үчүн кызмат кылгандыгын жокко чыгаруу – адепсиздик; кечөөкүлөрдүн прогрессивдүү, алгылыктуу жактарын бүгүнкүгө орду, ыгы менен колдонбогондуктан, пайдалана албагандыктан, турмуштун бардык чөйрөсүндө: өнөр жай, айыл чарба продуктуларын өндүрүү согуш мезгилиндегиден да төмөндөдү; саясат экономика үчүн анча кызмат кылбай калды; маданият, адабият жакырланды; эл күндөлүк турмушу менен алек, анын ж.б. активдүүлүгү жадатма митингдерден, оздукталбаган демократиядан гана көрүнүп калгандай сезилет; эл достугу, интернационализм үчүн күрөшүү мурунку деңгээлинде эмес, солгундап кетти. Ошондой болсо да коммунисттик идеология өкүм сүрүп турганда деле улутчулдук, шовинизмдин калдыктары бар болучу жана аларга каршы күрөшүүнү КПСС менен Совет бийлиги өз саясатынын чордонунда кармачу. Ал калдыктардын түрлөрү жана формалары кайсылар эле?

| Түрлөрү | Формалары |
|---|---|
| 1. Мурда эзген улуттардын улутчулдугунун калдыктары | Өз улутунун артыкчылыгын коргоо; элдердин тарыхындагы коомдук карама-каршылыктарды жымсалдоо; улуттук шектенүүчүлүк; кекирейүүчүлүк, бой көтөрүүчүлүк, текебердик, теңсинбөөчүлүк ж.б. |
| 2. Мурда эзилген улуттардын улутчулдугунун калдыктары | Интернационалдуулукка улуттуулукту каршы коюу; өткөндү идеализациялоо; улуттук ишенбөөчүлүк, кекчилдик; тарыхта болгон геноцидди моюнга алдыруу аракеттери ж.б |
| 3.Өнүккөн улуттардын улутчулдугунун калдыктары | Мурда артта калган элдердин прогрессивдүү салттарын теңсинбөө; башкалардын улуттук тилинин ордун жана ролун чектөөчүлүк; баалабагандык; улуттук өзгөчөлүктөрдү жоюуну тездетүү аракеттери ж.б. |
| 4. Мурда артта калган улуттардын улутчулдугунун калдыктары | Улуттук обочолонуу аракеттери; турмушка ашпай турган улуттук курулай кыялдануулар; улуттук кырдаалдарды, кызыкчылыктарды өткөрө баалоонун басымдуулугу; улуттук башка региондордон келчүлөрдүн кыймылын басаңдатууга тырышуучулук; |

| | |
|---|---|
| | улуттук сезимди өз кызыкчылыгы үчүн пайдалануучулук ж.б. |
| 5. Чоӊ улуттардын улутчулдугунун калдыктары | Майда элдердин экономика, маданиятты, илим, техниканы өнүктүрүүгө кошкон салымын жеткире баалабоо; алардын өз алдынча болуу аракеттерине жол бербөө; жетекчи, лидер болууга умтулуучулук ж.б |
| 6. Майда улуттардын улутчулдугунун калдыктары | Чоӊ улуттардын жардамдарын жеткире баалабоо; чоӊ улуттарга «жутулуп» кетүүдөн коркуу; башка улуттардын өкүлдөрүн, кадрларын кодулоо; улут аралык никелешүүлөргө тескери мамиледе болуучулук ж.б. |

Буларга чейин улутчулдук бар беле? Албетте, бар болучу. Алар улутчулдуктун чоӊ-чоӊ типтеринен көрүнгөн: капитализмге чейинки этникалык, диний жана расалык өз ара ишенбөөчүлүктөр; майда буржуазиялык жана буржуазиялык улутчулдук. Акыркылары капитализимден социализмге өтүү жылдарында (1917-1936) эзүүчү таптардын идеологиясы, саясаты, көз карашы катары түп тамырынан бери жоюлган, бирок калдыктары сакталып калган. Алар бири-бири менен салыштырмалуу байланышта. Антсе да негизги күрөш улутчулдуктун жогоруда белгиленген биринчи жана экинчи; үчүнчү жана төртүнчү; бешинчи жана алтынчы түрлөрүнө жана формаларына каршы жүргөн. Күрөшүүнүн орчундуу каражаттарына төмөндөгүлөр кирген:

I. Улут маселелерин мүмкүн болушунча чечүү – мурда эзген жана эзилген улуттардын улутчулдук калдыктарын жеӊүүнүн башкы шарты болгон.

II. Өнүккөн жана мурда артта калган улуттардын улутчулдук калдыктарын жок кылууда элдердин экономикалык жана маданий деӊгээлдерин колдон келишинче бирдей даражада көтөрүү зор роль ойногон.

III. Чоӊ жана майда улуттардын улутчулдук калдыктарын жоюуда интернационалдык тарбиялоонун мааниси баа жеткис эле. Натыйжада, элдердин достугу эзүүчүлүк аралашкан доорлорго салыштырганда социализмдин тушунда мурда болуп көрбөгөндөй бийиктикке көтөрүлгөн. Бирок диний, расалык ишенбөөчүлүктөрдү; майда буржуазиялык жана буржуазиялык улутчулдукту совет элдеринин арасынан сүрүп чыкса да улутчулдук жана шовинизмдин калдыктарын толугу менен жок кылууга СССРдин убактысы, чамасы келбей калды. Ошентип, улутчулдуктун калдыктарынын айрымдары эстафетасын эгемендүү республикаларга өткөрүп беришти. Алардын кээ бирлери рынок экономикасынын шарттарында кайрадан жанданышты. Ал турсун улутчулдуктун жаӊы түрлөрү да пайда болду: бажы, бизнес, соодадагы улутчулдук; бир эле диндеги этностордун ортосундагы улутчулдук; сокур саясаттагы улутчулдук; иммиграциядагы шовинизм жана улутчулдук ж.б.

Булардын бардыгына талдоо жүргүзүүгө чакан макалада орун жок. Ошондуктан «ала кушту атынан айтып», айрымдарына гана кыскача токтололу.

Биринчиден, М.Бакиев, Е.Гуревич, А.Елисеев, Н.Надель, С.Попов, А.Филатов, А.Ширшов ж.б. сыяктуу кортук кочкорлор, атанган шылуундар төлдү да, элди да ачыктан-ачык эле бузушту; кыргыз элине карата кордогон аттарды коюшту; аны бийликке каяшасыз багынган аӊкоо, зээнсиз, мокок калк катары шылдыӊдашып, анын байлыгын көз көрүнө тоношту; кылдаттык менен уюштурулган табалуу катаалдыктарын көрсөтүштү. Сокур саясатчылар элге,

жерге, мамлекетке эч кандай пайдасы жок, зыянкеч, шектүү компанияларды, фирмаларды, фондуларды, коомдорду ж.б. түзүштү. Алардын бири – Кыргызстанды өнүктүрүү фондусу. Бул фонд Кыргызстанды өнүктүрбөй эле, тескерисинче, талкалады. Себеби анын башында максимчилердин жыландуу уюгундагылар турушту. Зордукчулук жол менен алар 1 млд. 165 млн. сомдук бюджеттик каражаттарды аталган фондуга которуп берүүгө банктарды мажбурлап, улуттук кадрларга басмырлоочу, кекирейген, керсейүүчүлүк, шовинисттик мамиле жасашкан; мамлекеттик объектилерди текейден арзан менчиктештиришкен; басып алуучулуктун натыйжасында өлкө, эл, жер жолбундар үчүн гана жашап, иштемиш этип калган.

Экинчиден, апрель окуясынан кийин боорлош казактар чек араларын жаап, айыл чарба жана өнөр жай товарларынын ары–бери өтүшүнө бөгөт коюшту; Кыргызстанга караганда акыркы жылдарда өз өлкөсүнүн экономикалык жактан өнүккөндүгүнө таянып, кыргыздарга кысым көрсөтүштү; Токмоктун ары-бери жагын, Чүйдүн оң жээгин көпүрөлөргө чейин тикенектүү зымдар, темир торлор менен бекемдешти; кыргыз айылдарынын айрымдарынын көрүстөндөрү чек аранын ары жагында калып, аларга өлүк коюуга казактар уруксат бербеген учурлары байкалды; боз үй – алтайлыктардын, моңголдордун, кыргыздардын да энчиси. Ошого карабастан боз үйдү, тамак-аштын кээ бир түрлөрүн казактар өздөрүнүкү катары каттатуу үчүн эл аралык уюмдарга кайрылышты; 2010–жылы Казакстан туристтерин Кыргызстанга жибербеди. Бул көрүнүштөрдү кошуна өлкө тарабынан экономикалык жана социалдык блокада катары эсептөөгө болот.

Буга окшогон иш-чаралар кандаш эки элдин ынтымагына доо кетирип коюшу мүмкүн. Тарыхты эске алсак, ар кандай себептер менен, ар кандай мезгилдерде ар бир элдин башына тигиндей же мындай даражада оор күндөр түшкөн. Мисалы, 1932-жылдагы ачарчылыкта казак агаиндер ашууларды ашып, кыргыздарга келишип, алардан орун-очок алышкан. Кыргыздар боорлошторуна жер беришкен; тамак-аштарын, кийим-кечектерин ж.б. бөлүшүп, казактарды аман алып калышкан. Ошолордун тукумдары Ысык-Көлдүн Сан-Ташынан Чолпон-Атага чейин азыр да кездешет.

Үчүнчүдөн, дунган, өзбек, уйгурлар жерди өндүрүмдүү иштетишет, соодага да жакын. Ошондуктан тейлөө чөйрөсү аркалуу тез байышат. Анысында чатак жок. Бирок байлыгына чиренишип, айрым дунгандар кыргыздарга кыр көрсөткөн учурлары кездешет. Мисалы, Чүйдөгү дунгандардын кээ бирлери кыргыз өкүлдөрүнүн жер участокторунда «кул» катары иштетишкен фактылар бар; алардын эмгек акысын кечиктиргени аз келгенсип, толук төлөп беришпейт; кыргыз кыздарын мазакташты. Мындай окуялар кыргыздардын улуттук ар-намысына тийбей койбойт. Натыйжада, эки элдин ортосунда кагылышуулар чыгып кеткендиги жалпыга белгилүү.

Дунгандар да тарыхын унутпаса. «Бити торгойдой, өздөрү ыргайдай» болуп, Кытай феодалдарынын эзүүсүнө чыдабай алар XIX кылымдын 2-жарымында Кытайдан кыргыздарга качып келишкен. Кыргыздардан дунгандар каалаган жерлерди алышкан. Мисалы, жети-өгүздүк дунгандар тоого, токойго, жайытка, сууга, чоң жолго, шаарга жакын; тегиз, өнүмдүү, сугат жерлерин алышкан. Чүйлүк дунгандардыкы деле, негизинен, ошондой. Ирденип алгандан кийин дунгандар «кудайын да таанбай калды» окшойт... Граждандык согуштун азап-тозогунан кутулуу айласын издеп, тажик, кыргыздардын айрымдары Тажикстандан Чүйгө жер которушту. Качкындарга жер бөлүп берүү

боюнча чүйлүк дунгандарга бийликтегилер кайрылышканда, алар мындай сунушка каршы чыгышты.

Төртүнчүдөн, Фергана өрөөнүн өзбектештиргени аз келгенсип, Өзгөндү борборго айландырып, Кыргызстандын түштүгүндө өзбек автономиясын түзүү идеясын көтөрүп чыккандар пайда болду. Буга чейин калыптанып калган территорияны бузуп, кайра карап чыгуу эл достугун бекемдей албайт. Анын үстүнө, автономияны каалагандар Кыргызстан унитардык (бирдиктүү, улуттук мамлекеттүүлүктөргө бөлүнбөгөн) республика экендигин унутпашы керек.

Улутчул ушундай идеялар тургундарды этностук жагынан гана бөлүп – жарууга аракеттенбестен, бир эле диндеги бир тууган эки элди бири-бирине каршы коюп, трагедияга алып келди. Диний улутчулдук эки элдин ортосунда эмес, эки башка диндегилердин арасында байкалып келген. Ордун таппай ойдологон өзбек молдолору диний улутчулукка жаңы боёкторду сүртүп, эки элге жек көрүндү болушту; тергөөнүн жыйынтыгында соттолушту; буга карабастан диний улутчулдукту ырбаткандар дагы деле кезигүүдө.

Автономия түзөт элек дегендерге цифралардын күчү менен да жооп берели. 2010-жылдын 1-январына карата КРда 5418299 адам жашады. Анын ичинде кыргыздар - 3860549 (71,3%), өзбектер - 780583 (14,4%). Айрым областтар жана Ош шаары боюнча алганда:

| | **Баткен областы** | **Жалал – Абад областы** | **Ош областы** | **Ош шаары** | **Жыйынтыгы** |
|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | 433802 | 1023132 | 1117851 | 259106 | 2833891 |
| Кыргыздар | 332071 (76,5%) | 734627 (71,8%) | 765819 (68,5%) | 124221 (47,9%) | 1956738 (69,0%) |
| Өзбектер | 63940 (14,7%) | 255211 (24,9%) | 314180 (28,1%) | 115082 (44,4%) | 748413 (26,0%) |
| Жыйынтыгы | 396011 (91,2%) | 989838 (96,7%) | 1079999 (96,6%) | 239303 (92,3%) | 2705151 (95,0%) |

Цифралар көрсөтүп тургандай, Кыргызстандын түштүк областтарынын биринде да өзбектер сан жагынан басымдуулук кылалбайт; алар областтарда бирдей тыгыздыкта, жыйнактуу эмес, чачынды, кыргыздар менен аралаш жашашат. Анан ээленген «автономисттер» кайсы жерге автономия түзүшкөнү жүрүшөт? Түштүктөгү өзбек тилиндеги маданий объектилер өзбектердин күчү менен эмес, Кыргызстандын бюджетинин эсебинен курулгандыгын кесирдүү, көпкөн, кутурган «автономисттер» унутуп калышса керек... Алар «автономияга» негиз болсун үчүн эмес, өзбек диаспорасынын маданиятын өнүктүрүү максатын көздөп курулган.

Өзбектер республикада 14,4%ды түзөрү жогоруда белгиленди. Алар түштүк областтарын жана Ош шаарын чогуу алганда, 28,0%ды ээлейт. Ал эми шаар боюнча - 44,4%. Бул кыргыздардан өзбектердин 3,5%га гана аздык кыларын түшүндүрөт. Эгерде 50:50 болуп калса же өзбектер бара–бара кыргыздардан жогорураак пайызды түзө баштаса, «автономисттердин» калдыктары дагы кандай идеяларды көтөрүп чыгышы мүмкүн? Мындай көрүнүш кимди болбосун ойлондура турган маселе...

Кыргыз, өзбектерден кийин элинин саны боюнча КРда орустар - 408миң адам (7,5%), дунгандар - 58,9 миң (1,1%) адамды түзүп, 3-4 орунда. Калган этностордун баары биригип - 5,6% же ар бири өз алдынча 1%га да чыгалышпайт: уйгурлар - 49179, тажиктер - 46686; түрктөр - 39153, казактар - 33047, татарлар - 30725, украиндыктар - 20176, азербайжандар - 17498, кореецтер - 17182, немецтер - 9240, чечендер - 1833, белорустар -1290,

армияндар - 856, грузиндер - 589, еврейлер -559, молдовандар - 475, литвалыктар - 141, эстондор - 98, латыштар - 62. «В стране проживает более 100 национальностей». Советтик доордон бери калыптанып калган тил боюнча которгондо, бул сүйлөм: «Өлкөбүздө жүздөн ашык улуттар жашайт» формасына жана мазмунуна ээ болот. Теориялык жактан калпыс, практикалык жактан өзүн актабаган мындай илимий жоболор азыркы күндүн талаптарына жооп бербей, натуура түшүнүктөрдү жаратууда. Чындыгында, Кыргызстанда бир гана улут – кыргыз улуту бар. Калгандарынын улуттары чет мамлекеттерде. Улуттар дегенибиз ошолордун Кыргызстандагы азчылыктары, өкүлдөрү, топтору, убактылуу жашагандар; зарыл деп эсептегенде алар жер которуп кетип калышат; мисалы, июнь окуяларынын мезгилинде 75 миң өзбек Кыргызстандан Өзбекстанга чыгып кетип, кайра келди. Кыргыздарда деле мигранттар бар, бирок бүт кыргызды Кыргызстандан сүрүп чыгара турган күч жок. Ошондуктан ар кандай иш кагаздарына, документтерге ж.б. «улуту» эмес, «улуттуулугу» (национальность) дал келчүдөй.

Миллиондогон эли бар кыргыз улутун ондогон, жүздөгөн, миңдеген адамы бар этностор менен бирдей катарга коюуга турмуштун өзү жол бербейт. Ушуларды эске алып, улуттук кызыкчылык жөнүндө сөз жүргөндө баарысынан мурда, кылчактабай эле, кыргыздардын социалдык-экономикалык, саясий, маданий, тил, демографиялык, эл аралык ж.б. мүдөөлөрү биринчи планга коюлушу зарыл. Кыргыз улутунун ийгилиги – кыргызстандык этностордун ийгилиги. Ал эми КРдагы жашоочулардын ар биринин жарандык укуктары, эркиндиктери, милдеттери бирдей, тең экендигин эч ким танбайт.

Экинчиден, элдердин тарыхый жалпылыктары – «род», «племя», «народность», «нация» - урук, уруу, эл, улут деп которулуп, айтылып, жазылууда. Мында сөз «народность» - «эл» жөнүндө баратат. Аталган тарыхый жалпылыктардын бардыгы «эл» (этнос) түшүнүгүнө кирет. Ошондуктан народность – «калк» деп пайдаланылса (Октябрь революциясына чейинки Анжиян калкы, казак, кыргыз, өзбек калкы сыяктуу), улут аралык мамилелерге алар да реалдуу жана объективдүү жооп бергендей болор эле. КРнын элинин бир пайызга чыкпагандарын; 1,1; 5,6; 7,5; 14,4% түзгөндөрүн деле улут дей берүү айрым учурларда сөөк салышууга, теңтайлашууга, тирешүүгө, бой көтөрүүчүлүккө алып келүүдө. Мындай тенденциялар Чүй өрөөнүндөгү дунгандарда, Кыргызстандын түштүгүндөгү өзбектерде ж.б. ачыктан-ачык эле байкалды.

Айтылгандарга айрым жыйынтыктар жана сунуштар:

- коомдогу бардык кубулуштар, көрүнүштөр да бири-бири менен тыгыз байланыштуу процесстерди, орой же диалектикалык карама-каршылыктарды башынан өткөзөрүн республикада жашаган акыл-эстүү ар бир жаран унутпай, объективдүү корутундулар чыгарып турушса;

- өткөндүн калдыктары, айрыкча, улутчулдук эл достугунун келишпес душмандары;

- алар менен күрөшүүдө советтик доордогу ыкмалардын бардыгын курулай эле тана бербей, азыркы турмушка керектүүлөрүн иргеп алып, пайдаланууга неге болбосун;

- жалаң эле тегерек стол, семинар, конференция, симпозиумдарды ж.б.өткөрө берүү менен эл достугун жеткиликтүү чындоого мүмкүн эместир; ал үчүн жаңыча мамилелер керек;

- баарынан мурда, түпкүлүктүү элдин, айрыкча, айыл жериндегилердин экономикалык жана маданий деңгээлин тиешелүү даражага көтөрбөй туруп, текши өнүккөн майда этностордун улуттук тирешүүлөрүнө толугу менен

туруштук берүү кыйыныраак;

- экономикалык жана саясий көз карандылыктан кутулуу үчүн Кыргызстандын жер байлыктарын толугураак пайдалануунун иш чараларын иштеп чыгуу өтө зарыл. Жергебизде кен байлыктардын жетиштүү кору бар экендигин төмөндөгү схемадан байкаса болот:

| **Кендердин аттары** | **Көлөмү** | **Канча жерге жайгашкан** |
|---|---|---|
| Көмүр | 1,3 млд.т | 49 |
| Мунай | 12,9млн.т. | 11 |
| Газ | 7,3 млн.т. | 11 |
| Алтын | 382 миң.т. | 25 |
| Күмүш | 326 миң.т. | 12 |

Геологиялык чалгындоонун маалыматтарына таянсак, булардан тышкары Д.И.Менделеевдин мезгилдик системасындагы химиялык элементтердин дээрлик бардыгы; туздар, минералдар, минералдык суулар, баткактар ж.б. кездешет;

- жер байлыктарды казып алуу боюнча эл аралык келишимдер Кыргызстанды кемсинтпегендей даражада, өз ара пайда табуу макулдугунда түзүлгөнү элибизди тымызын шылдыңдоодон куткарат;

- чет мамлекеттерге жер берүүнү, жер сатууну, жерди шектүү ижарага берүүнү токтотуу улуттун кызыкчылыгына жооп берет;

- социалдык-экономикалык ар башка доорлордогу улут аралык тарыхый фактылардан республикадагы этностор сабак алып, эл достугун чыңдоодо белгилүү оң жыйынтыктарга келип туруусу максатка ылайыктуу;

- докчул саясатташкан митингилерден элди алыстатуу азыркы учурга да, этностордун келечектеги тагдырынын прогресивдүү өнүгүшүнө да жооп берет; ал үчүн проблемаларды митингелерге жеткизбей, мүмкүн болушунча өз учурунда чечүү бийликтин эң актуалдуу милдеттеринен;

- орус тилинин расмий тил болуп турушуна каршы чыккандар да кездешет, биздин оюбузча, алар жаңылышат. Анткени орус тили республиканын элинин 7,5%ын түзгөн орустар үчүн гана эмес, бүткүл этносторго керек. Ички жана тышкы бардык маселелерди кыргыз тилинде чечүүчү мезгил келгенде, шарт түзүлгөндө, расмий тилдин функциялары өзүнөн өзү кыскарат;

- эгемендүүлүктүн тушунда республиканы каптап кетүүгө жолбундарга, күнөмдүү волонтерлорго, даватчыларга ж.б. жол берилди. Эми алардан тазаланууга мезгил жетти. Себеби булардын жана террористтердин бүлүндүргүч иш-аракеттерине улутчулдуктун жана шовинизмдин элементтери да аралашкан;

- дин кызматкерлерининин курамын кайрадан карап чыгып, эл достугуна да кызмат кылгандарды шайлоо зарылчылыгы туулду. Жыл сайын миллиондогон мусулмандар ажыга барышат, бирок алардын улутташып кеткен фактылары учурабайт. Бул ислам динининин мусулмандарды улутка бөлбөгөндүгүнүн жана алардын башын бириктирүүдөгү улуу күчүн улутчул молдолор өздөштүрүшсө, өзүнө да, элге да пайдалуу;

«Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,

Досторуна даяр дилин берүүгө». Дилдешүү да эки тараптуу. Республикадагы этностор кыргыздарга дилин берип, анын маданиятын сыйлоо, өздөштүрүүгө милдеттүү;

- айрым шовинисттер дагы эле кыргыз тарыхы жоктой көз караште жүрүшөт. Ошондуктан тарых маселелерин өздөштүрүү КРдагы бардык

этностордун парызы.

- «киргиздер» кыргыз болмоюн, улуттук нигилизимге жол беришет, муну менен алар башка этностордун алдында өзүнүн баркын өзү кетирип, улуттук аң-сезимдин деңгээлин төмөндөтүүдө.

Жогоруда белгиленгендер ж.б. иш-аракеттер КРнын эгемендүүлүгүн бекемдөөгө жана эл достугун чыңдоого көмөкчү болушат.

**Адабияттар:**


1. Шакитов Ш. Формы и виды националистических пережитков и пути их преодоления. Канд. дисс. – Фрунзе, 1982.
2. 2010-жылдын 7-апрели жана июнь окуялары тууралуу материалдар.